DOI:10.26104/NNTIK.2022.61.59.065

*Кадырова А., Жалилова Н.К.*

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН МАХАБАТ (АШЫКТЫК) ЛИРИКАЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Кадырова А., Жалилова Н.К.*

# ОСОБЕННОСТИ ЛЮБОВНЫЕ ЛИРИКИ КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВА

*A. Kadyrova, N. Zhalilova*

# FEATURES LOVE LYRICS BY KASYM TYNYSTANOV

*УДК: 82-21-9*

*Макалада ааламдашуу учурунда жаралып, көзгө одоно, комсоо көрүнүп турган терс көрүнүштөр, коомдук мамилелер жана жекече үй-бүлөлүк карама-каршылыктар, кагылышуулар, касташуулар кыргыз элинин табиятына, жашоо образына жат экенин далилдеп, адеп-ахлак чен-өлчөмдөрүнөн куржалак калган көпчүлүк замандаштарды түбөлүктүү жашоо мыйзамына кайтарып, өзүн-өзү таанып-билүүсүнө багытталган. Касым Тыныстановдун чыгармачылык чеберчилигинен жаралган махабат (ашыктык) ырларына адабий талдоо жүргүзүү аркылуу анын тарбиялык ролу зор экенин көрсөтүүнү максаттадык. Көркөм адабият азыркы ааламдашкан заманда эле эмес, атам замандан бери адамдын интеллектуалдык деңгээлин өркүндөтүүчү күчүнө баа берүү макаланын актуалдуулугун аныктайт. Макалада акын, прозаик, драматург Касым Тыныстановдун жаратылыш акыйкатынын керемет жактарын жана жалпы адамзаттын айтып бүткүс ажайып сулуулугу менен аруулугун даңазалаган махабат (ашыктык) ырларынын өзгөчөлүгү тууралуу сөз козголот.*

***Негизги сөздөр:*** *жубайлар, кыз-жигит, ыйык мамиле, эңсөө, адамзаттык сезим, акыйкат, чындык, түздөн-түз, купуя, карым-катнаш, ички сыр.*

*Статья направлена на то, чтобы многие современники, лишенные нравственных норм, смогли вернуться к закону вечной жизни и познать себя, доказав, что вопиющие, бескомпромиссные негативные явления, общественные отношения и индивидуальные семейные противоречия чужды природе и образу жизни кыргызского народа. Через литературный анализ любовных стихотворений Касым Тыныстанова, созданных творческим мастерством, мы решили показать, что его воспитательная роль велика. Не только художественная литература в наши глобализированные времена, но и оценка способности человека повышать интеллектуальный уровень с самого начала определяет актуальность статьи. В статье анализируется любовные лирики известного поэта, писателя, драматурга Касыма Тыныстанова. Исследователь рассматривает, как поэт смог поэтически передать, красивых человеческих эмоций любовных чувств молодых людей и особенной красоты кыргызской земли.*

***Ключевые слова:*** *супруги, девушка-парень, святое чувство, тоска, человеческое чувство, справедливость, истина, непосредственно, тайна, отношения, внутренняя тайна.*

*The article is aimed at ensuring that many contemporaries, deprived of moral norms, could return to the law of eternal life and know themselves, proving that blatant, uncompromising negative phenomena, social relations and individual family contradictions are alien to the nature and lifestyle of the Kyrgyz people. Through a literary analysis of Kasym Tynystanov's love poems, created by creative skill, we decided to show that his educational role is great. Not only fiction in our globalized times, but also the assessment of a person's ability to raise the intellectual level determines the relevance of the article from the very beginning. The article analyzes the love lyrics of the famous poet, writer, playwright Kasym Tynystanov. The researcher examines how the poet was able to poetically convey the beautiful human emotions of the love feelings of young people and the special beauty of the Kyrgyz land.*

***Key words:*** *spouses, girlfriend-boyfriend, holy feeling, longing, human feeling, justice, truth, directly, mystery, relationship, inner mystery.*

Акыркы кылымдарда интернет, медиа системасы, компьютерлештирүү, автоматташтыруу сыяктуу илимдеги улуу ачылыштар, жетишкендиктер алдыңкы прогрессивдүү көз караштагы интеллектуалдык деңгээли жогору адамдардын активдүүлүгүн, ойжүгүртүүлөрүн тездик менен жогорулатты, алар коомду өнүктүрүүнүн зарылдыктары менен муктаждыктарын илимдин жетишкендиктерин колдонуп, кайрадан иштеп чыгып, аны заман талабына ылайыктап, өзгөртүүгө жетишти. Ал эми регрессивдүү көз караштагы интеллектуалдык деңгээли төмөн адамдардын пассивдүүлүгүн ого бетер тукулжуратып, ындынын өчүрдү. Ошентип, адамдар өтө татаал ой жүгүртүүлөрдү, талдоолорду жана андан жыйынтык чыгаруу менен алдыга умтулуунун, же артка чегинүүнүн жаңы динамикасын пайда кылды, натыйжада реалдуу интеллектин өнүгүшүн, же анын таптакыр чектен чыгып жоголуп баратканын көрсөттү, мисалы, жашоодон кечип кетүү, атаандашын өлтүрүү, үй-бүлөсүн чануу, зордук-зомбулук, ата-энесин карыялар үйүнө өткөрүү ж.б.

Ошентип, жашоонун ыргагы бузулуп, тең салмактуулук жоголуп, жалпы адамзаттын коопсуздугуна коркунуч жаралышы, акыл-эстүү, гумандуу ойчулдарды түйшөлтүп, түнкү уйкусун качырды. Алар жогоруда белгиленген көйгөйлөрдөн чыгуунун ийкемдүү жолдорун сунуштады жана улуу ойчул Сократтын: «Адамдын акыл-эси дүйнөнү таанып-билүүдөн, анын ичинен эң башкысы Адамдын өзүн-өзү таануусу өтө маанилүү» деген ой-корутундусу азыр да актуалдуу экенин жалпы адамзаттын эсине салды. Демек, мындан ар бир улут өзүнүнүн өнүп-өсүп чыккан түпкү башатына кайтып, ата-бабанын урпактарга мурастаган баалуулуктарын ордуна коюп, жапатырмак кол-

го алып, кечиктирбестен күндөлүк турмушуда жандандыруу милдетин такты. Биздин ата-бабалар да грек ойчул Сократ сыяктуу алмустактан бери адамдын интеллектин өркүндөтүп-өстүрүүнүн көп түрдүү каражаттарын, ыкмаларын көркөм чыгармаларында жазуу, оозеки формада чагылдырып келген.

Макалада ааламдашуу учурунда жаралып, көзгө одоно, комсоо көрүнүп турган терс көрүнүштөр, коомдук мамилелер жана жекече үй-бүлөлүк карама-каршылыктар, кагылышуулар, касташуулар кыргыз элинин табиятына, жашоо образына жат экенин далилдеп, адеп-ахлак чен-өлчөмдөрүнөн куржалак калган көпчүлүк замандаштарды түбөлүктүү жашоо мыйзамына кайтарып, өзүн-өзү таанып-билүүсүнө багыттоодо өрнөктүү өмүр сүрүүнүн үлгүсү, ар тармактуу билимдин-илимдин ээси, замандаштарынын «кыргыздын Ломоносову» деген баасына арзыган жазуучу К.Тыныстановдун чыгармачылык чеберчилигинен жаралган махабат (ашыктык) ырларына адабий талдоо жүргүзүү аркылуу анын тарбиялык ролу зор экенин көрсөтүүнү максаттадык. Көркөм адабият азыркы ааламдашкан заманда эле эмес, атам замандан бери адамдын интеллектуалдык деңгээлин өркүндөтүүчү күчүнө баа берүү макаланын актуалдуулугун аныктайт.

К.Тыныстановдун көркөм табылгаларынын саны аз, бирок маани-маңызы терең, идеялары салмактуу, тематикасы көп багыттуу, көркөмдүүлүгү бийик. Бул тууралуу чыгаан сынчы, адабият таануучу, акын, котормочу С. Жигитов мындай дейт: «Талашсыз нерсе улуттук жазма-чиймеге, басма сөзгө, мектеп таалимине, көркөм адабиятка, тил илимине негиз салгандардын, кошумча кошкондордун көрүнүктүүсү – Касым Тыныстанов. Ал агартуучу, коомдук ишмер, журналист, илим уюштуруучусу катары да тарыхта өз орду бар. Анын жалпы жаратмандык иш-аракетинин көп жылдардан бери «көк бөрү» болуп тартылып келаткан тарабы – көркөм сөз жаатындагы мурастары. Ал поэзияда, поэзиялык котормодо, прозада, драматургияда күч сынаган жана ал тектерди баштоочу жана негиздөөчү» [1, 69-б.]. Акындын лирикалык чыгармалары тематикалык жактан төрткө бөлүнөт: граждандык (атуулдук), пейзаждык, философиялык, махабат (ашыктык) ырлары. Адабият теориясында махабат ырлары тууралуу: «Дүйнөнүн бардык элдеринде оозеки жана жазма адабиятта кеңири учураган ырлар. Анда сүйүү, махабат маселелери, сүйгөн жардын сулуулугу, акылдуулугу даңазаланат, эки жашка тоскоолдук кылган күчтөргө наразылык билдирилет, социалдык маселелер козголот» [2, 146-б.].

Карарган көзүң моймолжуп,
Калыпка тартып койгонсуп.
Кайгыны башка не салдың,
Караңгы түндө ойготуп.

Сүзүлгөн көзүң моймолжуп,
Сүрөткө тартып койгонсуп.
Түйшүктү башка не салдың,
Түндө үч убак ойготуп [3].

1918-жылы Касым кытайдан качкын кыргыздар менен киндик каны төгүлгөн мекенине кайтып келет, кырдаалга жараша Чырпыктыга барбастан, Тепкеде таятасынын колунда жашап калат. Ал кичипейил, эмгекчил, кандай иш тапшырылбасын, өз учурунда сапаттуу аткарган, жоопкерчиликтүү өспүрүм болгондуктан, аны ата-теги тарап да, таята-таяке тарап да өзгөчө жактырчу экен. Он жети жаш курагында Теңизбай уруусунун чириген байы Жайылкан дегендин Мариям аттуу кызына ашык болот. Жан дүйнөсүн козгоп, жүрөгүнө чок салган сулуу кызга арнап, экөөнүн ортосундагы эң аруу, таза, ынак мамилени чагылдырып, бир нече махабат ырларын жазат. Ошол кезде ашыктык сезимдери ойгонгон тепкелик жаштар анын сүйүү ырларын жаттап, ышкысын козгогон кыздарга сүйүү сезимдерин билдиргенин таякелери көп эскергени айтылат. Бирок арзышкан эки жаштын сүйүүсүнө Мариямдын атасы каршы чыгып, «тентиген кедей», «келгин», «тексиз» деп, кызын байдын байбача уулуна күйөөгө берип жиберет. Лирикалык каармандын болгон айыбы колунда жок, жалчы, бирок анда чыныгы адамгерчилик сапат менен алоолонгон махабат ышкысынан башка эч кандай байлык да, бийлик да жок. Сүйүшкөндөрдүн көңүл каалоосу, мөлтүр арзуусу менен эсептешкен жан жок, ошондуктан эки жаштын махабатынын соңу таркабаган муң менен аяктайт. Бул жаш жигиттин жүрөгүнө кетпес так калтырат, замандын адилетсиздигине, теңсиздигине наразы болот.

Кас кылгандай ай шооласын ашырды,
Корккондорго кош көрүндү, жашынды.
Эптеп селки, бозоюна жеткенде,
Үн угулду, үй эшиги ачылды [4, 32-б.].

Акындын «Эрксизден ажырашканда», «Айрылуу» аттуу ырларынын мазмунунда көркөм салыштыруулар жок. Акын жүрөгүнүн түпкүрүндө жаткан ой-сезимдер, ыр саптардагы элестер реалдуу турмуштан алынганы кадиксиз чындык. Бул ар кандай окурманга күчтүү таасир этет, анткени анда оозеки поэзиядан же профессионал адабияттан алган деталдар эмес, автордун жеке өмүр тагдырынан оргуп чыккан мазмундук-маанилүү жагдайлар. Автор сүйүү жеке адамдын жекече каалоосу, жекече тартчу азабы, жекече кезикчү трагедиясы экенин өзгөчө тон, башкача манера менен ырга кошуп, жашыруун сыр каткан кызыктуу тагдыры бар ыр дүйнөнү жараткан.

Сунганда чыгып кымызды,
Үнүң окшоп сыбызгы.

Кылыгың эске түшкөндө,
Сагынамын жазам кат,
Аларсың болсоң аманат [4, 28-б.].

Филология илимдеринин доктору, академик А.Акматалиев сүйүү ар бир адамга келерин, ал адамды өмүр бою коштоп жүрөрүн, адамзат турмушунун бардык жашоосунун башаты экении айтып келип, оюн минтип корутундулайт: «Акын махабатты бөтөнчө ырдайт. Бөтөнчөлүгү ушул лирикалык каарман «алтыным», «күнүм», «айым» деп жалынбайт, жалбарбайт, сүйүүнүн, ашыктыктын татаалдыгы, терендиги, бийиктиги – философиялык ой-толгоо, турмуштук түйшөлүү, жалган абстрактуу эмоциянын жоктугу, ага өтө этият, кылдат мамиле кылуу менен берилиши айырмаланат» [5, 143-б.].

Ырдаба, сулуу, кыйнаба,
Алданбаймын сүйбөймүн!
Сайраба, сулуу жайнаба,
Экинчи отко күйбөймүн! [4, 29-б.]

Бул ырга чыгаан сынчы, адабият таануучу, акын, котормочу С.Жигитов мындай ой-толгоосун билдирет: «Ырды окуй баштаганда эле эрксизден орус классикалык поэзиядагы белгилүү шедевр А.С. Пушкиндин «Ни пой, красавица, при мне...» эске кылт дейт. Акыйкатта да К.Тыныстановдун бул ыры А.С. Пушкиндин ошол ыры менен көбүрөөк ритмдик интонациялык өзгөчөлүктөрү, поэзиялык ыкмалары, мазмундук элементтери менен азыраак окшошуп кетет. Балким, орусча «Ырдаба, сулуу, кашымда» ырынан алган күчтүү эмоциялык таасир кыргызча «Ырдаба, сулуу, кыйнаба» ырынын жаралышына белгилүү даражада шыктандыргандыр, же орус ыры тек гана жаш кыргыз акынынын керт башынан кечирген ашыглык күйүтүн ыр тилине салып айтышына жеңил түрткү болгондур. Ошентсе да «Ырдаба, сулуу, кыйнаба» менчик рухий тажрыйбадан, реалдуу көңүл дартынан чыккан ой-сезимдерге караганда, китептик шарттуу мазмундук жышаандар басымдуу сыяктанат» [1, 91-б.].

Акындын «Ырдаба, сулуу, кыйнаба» аттуу ырына адабиятчы-сынчылар тарабынан карама-каршы пикирлер бир топ болгон. Мисалы, Айткулу Убуке уулу: «Касым сүйүү ырларын уялбай жазат» деп күнөөлөгөнүн Т. Жолдошев сынчынын «адабияттын теориясынан караманча маалыматтынын жоктугу» деп эсептейт. Лирикалык тектин предмети адамдын жан дүйнөсү, жеке сезимдери менен ой-толгоолору болгон соң, ыр жазган ар бир көркөм сөз ээси өзүнүн талантына, турмуштук тажрыйбасына, билим деңгээлине жараша ашыктык сезимдерин билдирген махабат ырларын жаратпай койбойт.

Сүйөр элем тил алса,
Тагдыр менен келишип,
Экөөнөн жанын бир алса,
Турганда ооздон өбүшүп [4, 30-б.].

Чындыгы «Ырдаба, сулуу, кыйнабанын» лирикалык каарманы сүйүүдөн көңүлү калганын, ашыктыктын жалынына жалбырттап күйгөнүн, бирок аны арзыган сулуунун баалабаганын, көз тайдырган сулуулардан иренжигенин, алардын эркинин боштугун, эми убактылуу сүйүүгө азгырылбай турганын ырдап турат. Аталган ыр жалпысынан акындык техника менен иштелген, куюлушкан нукура поэзиянын тили менен шөкөттөлгөн. Муун өлчөмдөрү, уйкаштыктары оригиналдуу табылган. Строфаларда таамай, курч, көрктүү айтылган саптар мол.

Атактуу адабият таануучу, сынчы В. Белинский сүйүүнүн жалпы адамзаттык сезим экендигин айтып, ал сезим чыгармачыл адамдар тарабынан ар түрдүү доордо, ар түрдүү деңгээлде, ар түрдүү формада, ар түрдүү мазмунда ырдалса да, баары бир анын керемет күчү бар экендигин белгилейт.

Дүйнөлүк адабияттын тарыхында сүйүүнүн символу Ромео менен Жульеттанын, Лайли менен Мажнундун махабаты, кыргыз адабиятында Олжобай менен Кишимжандын, Аксаткын менен Кулмурзанын, Раймалы менен Бегимайдын сүйүүсү бири-бирине жетпегендиктин азабынан, бактылуу түгөйлөр болуп, идеалдуу үй-бүлө кура албай, өмүрү өткөнчө зарлап, өзүн да, өзгөнү да бактылуу кыла албай, жашап өтүшкөн. Булардын тагдыр жолу өткөн доордогу теңсиздиктин, акыйкатсыздыктын, эрксиздиктин курмандыгы катары кабылданып, ыйык, арууу сүйүүгө тургузулган эстелик катары муундан-муунга жомоктолуп келген жана келе жатат.

Махабат – тозок оту балбылдаган
Ким кызып, илебине албырбаган.
Махабат кырдан качкан кызыл түлкү,
Бүркүттү ташка согуп алдырбаган.
Махабат – чырга тарткан күлүк закым,
Кол созгон талапкерге карматпаган [4, 64-б.].

К. Тыныстановдун сынчылык өнөрү да өзүнчө кеңири сөз кылууга татый турган ишмерлигинин бир багыты. XX кылымдын 20-жылдарында эле кыргыз улуттук жазма адабият менен катар кыргыз сыны да түптөлгөн, аны түптөөчү К.Тыныстанов, ал эми сынды калыптандырууда Жума Жамгырчы уулу, Т.Жолдошев, М. Дөгдүров, А. Убукеев, А. Токомбаев ж.б. өз салымдарын кошкон. Алгачкы жазылган сын макалалардын примитивдүүлүгү, бир сызыктуулугу, абдан саясатташтырылышы К.Тыныстановдун тынчсыздындырган. Сын макаланын негизги критерийи чындыкка таянып, өсүн-өнүгүүнүн мыйзамынан келип чыккан илимий жолду табууну, адилеттикти туу тутуу менен туура талдап, баа берүүнү көрсөтүү максатында К. Тыныстанов А. Токомбаевдин «Ленин

тууралуу» ырлар жыйнагына терең адабий талдоо жүргүзөт. Жыйнактын дурус жана буруш жактарын белгилейт, андагы ырлардын көркөмдүк деңгээли өтө төмөндүгүн жаап жашырбайт. Ошондон улам «Касым ырлар жыйнагындагы» көркөм табылгаларга М.Дөгдүр уулу менен А. Токомбаев адилетсиз дооматтарды коет.

К.Тыныстанов махабат (ашыктык) ырларында: биринчиси, жарыкчылыкка келген ар бир жеке адам жаратылыштын акыйкат керемет кооздугун, сулуугун аң-сезимдүү түрдө аңдап-билип, өнүктүрүп-өстүрүп, жаман көздөн, жаман сөздөн коргоп, адамдагы айтып бүткүс адилеттүүлүктү, аруулукту, гумандуулукту даңазалап, даңктап, жашоонун түбөлүктүүлүгүн улап, кийинки муундарга татыктуу өткөрүүсүн сабактайт. Экинчиси, жеке тагдыры болбогон бир дагы адам болбойт, жеке тагдыр деген – бул жөн эле бир адамдын басып өткөн турмуштук жолу, башынан кечирген окуялары, күндө жайынча өткөргөн пендечилик турмушу эмес, ал жекече адамдын аң-сезимдүү түрдө өзүнүн өмүр-тагдырын коомдун, элдин жашоо-образы менен, өз доорунун, өз мезгилинин эң курч маселелери менен шайкеш, эриш-аркак келтире алышы жана жашоонун адамга берилген бир бактысын сүйүп жашоого умтулушун меселдейт. Үчүнчүсү, өз өлкөсүнүн, элинин тарыхый жана маданий мурастарына урматтоо менен мамиле кылып, жаш муундарды ошол өзөккө буруу кечиктирилгис милдет экенин тастыктайт.

Бүгүнкү эгемендүү замандагы, демократтык өлкөдө жашаган эки жаштын аруу махабатынан (эч кимдин кийлигишүүсү, тоскоолдугу жок, өздөрүнүн тандоосу, каалоосу менен) курулган үй-бүлөдөгү кунарсыздык, «Ала-Тоодой эт тартып, Ысык-Көлдөй чык куюп» өткөргөн тойго ай айланбай туруп, ажырашкандар, же айыпсыз балдарды жаратып, тирүүлөй жетим кылгандар эмненин натыйжасы деп түшүнсөк болот. Бул катачылыкпы же кырсыкпы? Албетте, кырсык эмес бул биздин ар бирибиздин катачылыгыбыз.

**Адабияттар:**


1. Жигитов С. Касымдын акындык өнөрү. Китепте: Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. -Фрунзе, 1991.-248 б.
2. Муратов А., Шериев Ж., Исаков К. Кыргыз адабияты: маалыматтама. - Бишкек, 2014. - 384 б.
3. https://kmb3.kloop.asia/2010/03/18/kasym-tynystanov/
4. Касым Тыныстан уулу: Адабий чыгармалар. - Бишкек: Адабият, 1991. - 192 б.
5. Тыныстанов К., Поливанов Е. / Түзгөн: А.Акматалиев. Китепте: Касым Тыныстановдун поэтикалык мурасы. – Бишкек, 2003. - 224 б.